| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**АК-СУУ РАЙОНУ**<br><br>**ТЕПЛОКЛЮЧЕНКА**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ТЕПЛОКЛЮЧЕНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**XXVIII чакырылыштын кезектеги 15-сессиясы**

# ТОКТОМ

24.07.2023 № 34 **Теплоключенка айылы**

**Айыл аймагында сугат суу менен камсыз кылуу кызматынын функцияларын жана милдеттенмелерин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27 жана 34-беренелерине ылайык жергиликтүү маанидеги "Тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу" маселесин чечүүнүн алкагында дыйкандардын сугат сууга жетишин камсыз кылуу боюнча кызматтардын, функциялардын, милдеттенмелердин тизмегин карап чыгып, айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Айыл аймагында сугат суу менен камсыз кылуу кызматынын функциялары жана милдеттенмелери бекитилсин, тиркелет.

2. Токтом айыл өкмөтүнүн сайтына жайгаштырылып, Мамлекеттик каттоодон өткөрүү үчүн юстиция органына жиберилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Ш.Кобонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **А.И.Алмабеков**

Тиркеме
Теплоключенка айылдык кеңешинин
2023-жылдын 24-июлундагы
№ 34 токтомуна

**Айыл аймагында сугат суу менен камсыз кылуу кызматынын функцияларын жана милдеттенмелерин бекитүү жөнүндө**

| № | Кызматтардын, функциялардын, милдеттенмелердин аталышы | Аткаруу үчүн жооптуу жак |
|---|---|---|
| | **1. Кызматтар** | |
| 1.1. | Сугат суусун суу пайдалануучуларга жеткирүү | Суу пайдалануучулар ассоциациясы (келишим боюнча) |
| | **2. Функциялар** | |
| 2.1. | Айыл өкмөтүнүн башчысынын суу пайдалануучулар кеңешинин ишине катышуусу | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.2. | Муниципалдык менчиктердин реестринде ирригациялык курулмаларды эсепке алууну жүргүзүү | Айыл өкмөтүнүн финансы экономикалык бөлүмү |
| 2.3. | Кызмат көрсөтүүчүлөр менен ирригациялык курулмаларды колдонуу боюнча келишим түзүү, кол коюу жана аткарылышын көзөмөлдөө | Айыл өкмөтүнүн финансы экономикалык бөлүмү |
| 2.4. | Суу пайдалануу, эксплуатациялоо жана ирригациялык системаны камсыз кылуу эрежелерин иштеп чыгуу жана бекитүү | Айыл өкмөтүнүн башчысы Жергиликтүү кеңеш |
| 2.5. | Суу чарбасынын райондук башкармалыгы менен сугат суусун жеткирүү келишимин түзүү жана аткарылышын көзөмөлдөө | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.6. | Суу колдонуу, эксплуатациялоо жана ирригациялык системаны камсыз кылуу эрежелерин бузганы үчүн суу пайдалануучулардан административдик жоопкерчилик маселелери боюнча административдик комиссиянын ишин уюштуруу | Айыл өкмөтүнүн башчысы Жергиликтүү кеңеш |
| 2.7. | Ирригациялык кызматтардын төлөмүнүн (ИКТ) наркын эсептөө жана бекитүү | Айыл өкмөтүнүн башчысы Жергиликтүү кеңеш |
| 2.8. | Айыл аймакта ирригацияны өнүктүрүү боюнча инвестициялык программаны иштеп чыгуу жана бекитүү | Айыл өкмөтүнүн башчысы Жергиликтүү кеңеш |
| | **3. Милдеттенмелер** | |
| 3.1. | Ирригациялык курулмаларды кызмат көрсөтүүчүлөргө муниципалдык мүлктүн объекттери катары колдонууга берүү | Айыл өкмөтүнүн башчысы Жергиликтүү кеңеш |
| 3.2. | Ирригациялык курулмаларды камсыз кылууга амортизациялык чегерүүлөрдү толук же жарым-жартылай компенсациялоо | Айыл өкмөтүнүн башчысы Жергиликтүү кеңеш |
| 3.3. | Суу пайдалануучулардын айрым категорияларына субсидияларды бөлүп берүү | Жергиликтүү кеңеш |
| 3.4. | Субсидия аркылуу кызмат көрсөтүүчүлөрдүн чыгымдарын компенсациялоо | Айыл өкмөтүнүн башчысы |